***Н.Рахманов атындагы орто мектебинин зээндүү окуучулар менен жүргүзүлгөн иштерине жүргүзүлгөн анализи***

***2022-2023-окуу жылы***

*Мектептеги таланттуу, зээндүү балдар менен иштөөдө мектептин иш планы түзүлгөн. Ар бир мугалим өзүнө иш план түзүү менен иш жүргүзүүдө. Зээндүү балдар менен иш алып баруунун программасы түзүлүп, УБде талкууланды. Окуу жылынын башталышында ар бир предметтик мугалим, класс жетекчилер таланттуу балдардын тизмесин тактап жана жаңы келген окуучулардын арасындагы балдарга да көңүл буруп, арасындагы таланттуу окуучуларды такташты. Ар бир окуучунун кызыгуусуна жараша тапшырмалар даярдалды (предметтер боюнча тесттер, класстык жана мектеп ичиндеги конкурстарга карата); Таланттуу балдарга төмөндөгүдөй мамиле керек: Азыркы илим менен таанышутыруунун негизинде предметти терең окуп үйрөнүүгө болгон талаптарды канааттандыруу үчүн шарт түзүү; Программалык, таанып-билүүчүлүк маселелерди чечүүдө да аларга кенен өз алдынчалыкты берүү аркылуу алардын окууда жана класстан тышкаркы иштерде кенен чыгармачылыкты көрсөтүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.*

*Мындан сырткары таланттуу балдарды кызыгуусу боюнча кружокторго да катыштырып жатышат. Алсак, шахмат, тогуз коргоол, теннис оюндарына кызыккан окуучулар сөзсүз түрдө эле таланттуу балдардан түзүлдү. Бул кружок боюнча өткөрүлгөн райондук, зоналдык спартакиадаларда окуучулар ийгиликтүү орундарды камсыз кылышты.*

*Мектеп ичиндеги предметтер аралык олимпиада өткөрүлдү. Ар бир предметтик мугалим тапшырмаларды түзүп, белгиленген расписаниеде олимпиаданы өткөрүштү.*

*Предметтерден жакшы жыйынтык алган окуучулар райондук олимпиадага жолдомо алышты.*

*Окуу бөлүмүнүн башчысы:* Намазбекова А.Б.

Сканировано с CamScan